**Ош мамлекеттик университетинин студенттерин практикадан өткөрүү боюнча**

**КЕЛИШИМ**

Ош шаары "16" сентябрь 2025 ж.

Биз, төмөндөгү кол коюучулар, Ош мамлекеттик университетинин ректору, профессор К.Г. Кожобеков мындан ары "ОшМУ", жана Ноокен районунун мамлекеттик администрация жетекчиси Исмаилбеков Таалайбек Исмаилбекович ОшМУда практикаларды уюштуруп өткөрүү боюнча талаптарга ылайык төмөндөгү келишимди түздү.

1. **"ОшМУ" милдеттенет:**

1.1. Жалпы практикалардын түрлөрүн өткөрүүнүн жумушчу программаларын алдын ала өндүрүшкө сунуштайт жана күндөлүгү менен камсыздайт;

1.2. Адистештирилген кафедрадан практика жетекчисин дайындайт;

1.3. Мыйзам чегинде каралган, ОшМУнун нормативдик документтерине туура келген тартипте өндүрүштөгү практика жетекчилеринин эмгек акыларын вакансиядагы сааттар аркылуу төлөйт;

1.4. Практиканын багыт берүүчү жана жыйынтыктоочу конференцияларын өткөрөт;

1.5. Институт, факультет, колледж студенттерди адистикке калыптандыруу менен илимий усулдук жана семинарларды өндүрүш менен биргеликте уюштуруп өткөрөт;

1.6. Мекеме ишканалар менен биргеликте конференцияларды, окуу-усулдук семинарларды, маданий-массалык иш чараларды өткөрүүдө дайыма кызматташат.

2. **"Ишкана" милдеттери:**

2.1. ОшМУнун Эл аралык билим берүү программалары колледжинин студенттерине практикадан өтүү үчүн календардык планга ылайык 10 орун берет;

2.2. Студенттер үчүн эмгек коопсуздугу боюнча эрежелер менен тааныштырат;

2.3. Практиканын программасына ылайык студентти керектүү иш кагаздар менен таанышуусуна уруксат берет;

2.4. Эл аралык билим берүү программалары колледжинин студенттерине өндүрүштүк мекеме ишканалар, ишмердүүлүгү боюнча иш пландары менен тааныштырат жана практикаларын жетектөө үчүн жетиштүү даражадагы адистерди дайындайт;

2.5. Эгерде студент практика мезгилинде акы төлөнүүчү жумуш ордуна кызматка же стажерлукка кабыл алынса, ага ишканада колдонулуучу жалпы укуктук ченем актыларын коргоонун жана ички эмгек тартибин сактоонун эрежелерин белгилүү тартипте таанышкандан кийин колдоно алат;

2.6. Окуу - таанышуу, өндүрүштүк жана квалификациялык практиканын аягында ар бир студентин аткарган жумушу боюнча жана ал даярдаган отчетунун негизинде мүнөздөмө берет.

2.7. Өндүрүш студенттердин практикасынын сапаттуу жүрүшү боюнча сунуш пикирлерин окуу жайга билдирет.

**3. Тараптардын келишимди аткаруудагы жоопкерчилиги:**

3.1. Тараптар КРнын эмгек мыйзамдарынын негизинде практиканы өткөрүү боюнча коюлган милдеттерди аткарууга жооптуу;

3.2. Тараптардын ортосундагы келишим боюнча талаштар мыйзам чегинде чечилет;

3.3. Келишим биринчи тараптан "ОшМУ" экинчи тараптан "Ишкана" кол койгондон кийин өз күчүнө кирет;

3.4. Келишим мөөнөтү 20 25 - жылдын сентябрь 20 26 -жылдын сентябрь айына чейин;

3.5. Келишим эки нускада түзүлөт, бири "ОшМУда" экинчиси "Ишканада" сакталат.


Ош мамлекеттик университети
723500, Ош шаары Ленин к., 331
тел.: (+9963222) 70712
факс: (+9963222) 70915
e-mail:edu@oshsu.kg www. oshsu.kg
э/э № 1290393230420323
"РСК Банк" ААКтын Ош филиалы
ИСН 00207199610017


**ОшМУнун ректору,**
**профессор К. Г. Кожобеков**

______________________


Тараптардын дареги
Ноокен райондук мам. администрациясы
721100, Ноокен району,
Маса ай. Турдубеков көч. 37.


______________________

Ноокен райондук мам. администрация
башчысы-аким
Т. Ишенбеков
______________________